КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №15**

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 01-15/343 сандуу
“Эл аралык аэропорттун курулушуна жана
«Кытай-Кыргызстан-Өзбекистан» темир жолуна туура
келген үлүш жерлерди мамлекеттик фондунун жерлерине
которуу жөнүндө” кайрылуусун кароо

Кыргыз Республикасынын “Жер” Кодексин негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 01-15/343 сандуу “Эл аралык аэропорттун курулушуна жана «Кытай-Кыргызстан-Өзбекистан» темир жолуна туура келген үлүш жерлерди мамлекеттик фондунун жерлерине которуу жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап, Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айылдык кеңешинин 2024-жылдан 26-апрелиндеги “Багыш айыл өкмөтүнүн тургундарынын үлүш жерлерин мамлекеттик фондунун жерлерине которуп берүү жөнүндө” Багыш айылдык кеңешинин VII чакырылышынын IV кезексиз сессиясынын №2-токтомун жокко чыгарылсын.

2. Багыш айыл өкмөтүнүн аймагынан Эл аралык аэропортунун курулушуна жана айланма жолдоруна кеткен жер аянттарына туш келген төмөнкү үлүш жерлерди: №57-контурундагы 20,2 гектар, №61-контурундагы 5,64 гектар, №72-контурундагы 13,6 гектар, №75 контурундагы 14,4 гектар, №77-контурундагы 13,76 гектар, №78-контурундагы 22,76 гектар, №82-контурундагы 7,36 гектар, №263- контурундагы 16,22 гектар, №304-контурундагы 10,5 гектар, №306-контурундагы 9,5 гектар, №344-контурундагы 9,6 гектар, №339-контурундагы 8,2 гектар, №342-контурундагы 11,2 гектар, №346-контурундагы 12,3 гектар, №337-контурундагы 9,2 гектар, №636-контурундагы 4,5 гектар, №632-контурундагы 13,6 гектар, №638-контурундагы 1,9 гектар, №302-контурундагы 2,1 гектар, №301-контурундагы0,90 гектар, №392-контурундагы 2,3 гектар, №391-контурундагы 2,1 гектар, №386-контурундагы 3,8 гектар,№389-контурундагы-2.0га, №485-контурундагы 6,3 гектар, №486-контурундагы 7,93 гектар, №489-контурундагы 8,5 гектар, №493-контурундагы 17,1 гектар, №494-контурундагы 8,5 гектар, №594-контурундагы 10,2 гектар,

№595-контурундагы 7,1 гектар, №508-контурундагы 12,1 гектар, №504-контурундагы 10,1 гектар, №502-контурундагы 5,1 гектар, баардыгы **317,97** гектар сугат айдоо улуш жерлерди, «Кытай-Кыргызстан-Өзбекистан» темир жолуна туш келген үлүш жерлер №257-контурдагы 3,5 гектар, №258-контурундагы 5,4 гектар, №224-контурундагы 6,8 гектар, №226-контурундагы10 гектар, №642, 640, 638, 635, 501, 541-контурундагы 26,7 гектар, жер аянтын баардыгы 52,4 гектар үлүш жер аянттары, Эл аралык аэропорттун курулушуна туш болгон 28 турак жайды көчүрүүгө каралган №170-контурдагы 5,5 гектар үлүш жерди, «Кытай-Кыргызстан-Өзбекистан» темир жолуна туш келген турак жайларды көчүрүүгө каралган №572-контурдагы 13,5 гектар үлүш жер аянттарын Багыш айыл өкмөтүнө караштуу кайра бөлүштүрүү фондунун № 8,11, 14,18,19,30,40,254,550,576, 586, 380, 353, 351, 350, 430, 399, 354, 261, 203, 182, 141, 147, 233, 222, 170, 168, 217, 158, 151, 164-контурундагы жер аянтка которууга макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, аталган жерди которууга керектелген иш кагаздар топтомун даярдоо айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**